№13 Кесиптик лицейинин
Директорунун буйругунун
негизинде ишке ашырылат
“___” ___ 2024-ж
Директор ________ К.Сейдалы уулу

№13 Кесиптик лицейинин
Педагогикалык жана камкордук
кеңешинин отурумунда
№ 5 Протоколунун негизинде
бекитилди 12 ___ 2024жыл

# Ч.Түлөбердиев атындагы №13 Кесиптик лицейинин 2024-2028-жылдарга карата стратегиялык планы

**Кыргыз Республикасы,Талас облусу,Айтматов району,Жоон-Добо айылы**

***Кесиптик лицейдин өнүктүрүү планы***-келечектеги жаш муундардын өнүгүүсүнө карата лицейдин жана жергиликтүү коомчулуктун биргелешкен аракеттери тууралуу жана бирдиктүү позициядагы көз караштары чагылдырылган документ.

## Мазмуну


1. Кириш сөз.............................................................................................................................
2. Окуу жай жөнүндө жалпы маалымат....................................................................................
3. КЛнин сырткы жана ички чөйрөсү боюнча SWOT-анализ......................................................
4. 2028-жылга чейинки стратегиянын негизги максаты, көрүнүшү жана миссиясы
5. Стратегиялык максаттар,милдеттер жана индикаторлор
6. Баалоо жана мониторинг.........................................................................................................
7. 2024-2028-жылдарга стратегияны ишке ашыруу боюнча иш-аракеттин планы.........................................................................................................................

## Кириш сөз

Бул стратегиялык план-Ч.Түлөбердиев атындагы №13 Кесиптик лицейинин узак мөөнөткө өнүктүрүү стратегиясын аныктайт.2024-2028-ж.

Өнүгүү программасы билим берүү мекемесинин өнүгүү стратегиясын,билим берүү процессинин максаттарын жана милдеттерин аныктаган.мындан аркы өнүгүүнүн келечектүү жолдорун,бул жолдо келип чыгышы мүмкүн болгон көйгөйлөрдү жана аларды жоюуну болжолдоочу,стратегиялык пландоону башкаруу документи болуп саналат.

Өнүктүрүү программасына төмөнкүлөрдү чечүүнүн зарылчылыгы эске алынат:

- окуучулардын жетишкендиктерин өсүшүнө дем берүүчү шарттарды түзүп берүү
- билим берүүнүн сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу.билим берүүнүн мазмунун жаңылоо;
- кесиптик стандартка ылайык педогогикалык кадрлардын кесиптик компоненттүүлүгүн жогорулатуу

## Окуу жай жөнүндө жалпы маалымат

Айыл чарба өндүрүшүнүн тынымсыз өсүшү менен бул окуу жай алгач чабан-механизаторлорду даярдоодон башталган. №13 кесиптик техникалык окуу жай 1964-жылы уюшулган. 1968-жылы 30-апрелде Ч.Түлөбердиевдин ысымы ыйгарылган.

1975-жылдан баштап № 13 окуу жайы орто-кесиптик жай уюштурулгандан бери эл чарбасында көп деген квалификациялуу жумушчу кадрларды даярдап чыгарууда.Окуу жай жаш жумушчу кадрларды ар тараптан тарбиялоонун , билим берүүнүн сапатын жогорулатууда жетишкен ийгиликтери үчүн №13 кесиптик лицейдин инженердик педагогикалык жамааты төмөнкү сыйлыктар менен сыйланган :

1. 1982-жыл мурдагы Кыргыз ССР Министрлер Советинин Өтмө Кызыл Туусу ;
2. 1983—мурдагы СССР МинистрлерСоветинин ,ВЦСПСтин, ВЛКСМ Борбордук Комитетинин 2-даражадагы диплому;
3. 1984-жыл тармак боюнча мурдагы Бүткүл союздук социалисттик мелдеште жеңүүчү деп табылып , өлкөнүн мыкты айылдык кесиптик- техникалык окуу жайы деген наамга ээ болгон.
4. 1978-2000-жылдары Турсункулов Эсиркеп Турсункулович жетектеген. Бул жылдарда окуу жайдын жатаканасы тургузулуп, ишке киргизилген. Азыркы гараж ошол агайдын учурунда тургузулуп, азыркы күнгө чейин колдонулууда.
5. 1975-жылы –Аскердик –патриоттук тарбия берүү боюнча мурдагы Советтер Союзунун Баатыры Чолпонбай Түлөбердиевдин байгесине болгон республикалык кароо конкурста баатырдын байгесин жеңип алган.
6. 2000—2010 –жылдары Окуу жайыбызды Иманалиев Анарбек жетектеген.
7. 2010-2015-жылдары Султаналиев Кубан Бекназарович окуу жайды жетектеп турган.
8. Султаналиев Кубан Бекназаровичтин учурунда башкы бухгалтер Осмонов Асылбек Каракытаевич Азия өнүктүрүү банкынын 1-долбоорунан . 2012-жылы 14 млн сомго окуу жайдын материалдык техникалык базасын жогорку деңгээлде чыңдаган . Атап айтсак окуу корпусу капиталдык ремонттон өткөрүлүп, терезелер пластик терезеге алмашылган.о.э тигүү машиналары , компьютерлер, айыл чарбасына керектүү шаймандары алынып келинген.

9. 2015-2017- жылдары Осмонов Асылбек Каракытаевич Жетектеген . ошол учурда окуу жайга окуу парталары , ашканага 2 муздаткыч ,трактор алынып келинген.

10. 2017-2022 жылга чейин Джумагулов Айтбек Өскөналиевич жетектеген

11. 2023-жылдын апрель айынан тартып,окуу жайды Сейдалы уулу Кубанычбек жетектеп келет.Бүгүнкү күндө №13 кесиптик окуу жайдан билим алган кадрлар биздин республикабыздын ар кайсы аймагында эмгектенип жатышат. Ар бир жыл ичинде 200дон ашуун окуучу билим алат . Окуу жай 490 окуучулук орунга ылайыкташтырылган,анын ичинен 404 теориялык жана 56 өндүрүштүк , спорттук орунга ылайыкташтырылган эки окуу корпусунан турат.Атайын окулуучу кесиптик предметтерден азыркы учурда 8 кабинет (теориялык) , теориялык кабинети 2, айыл чарба машиналар кабинети 1, Агрономия кабинети 1, жолдо жүрүү эрежелер 1, тигүүчү кабинети 1 о.э жалпы билим берүү боюнча теориялык кабинеттерден 8 окуу бөлмөсү бар.Окуучулар машыгуучу талаа 3га аянтты ээлеп жабдылган . Устакана кабинети айыл чарба , тракторлор жана автомобилдер кыймылдаткычтар лабороториялары бар. Тигүү кесиби боюнча толук жабдылган устакана иштеп жатат. Азыркы учурда окуу жайыбыздын кызматкерлеринин жалпы саны 60ка жетип , анын ичинен педагогикалык жамаат 28 кызматкерден турат 15 жогорку билимдүү, калганы орто билимдүү болуп саналат.

Окутуунун техникалык каражаттарын рационалдуу жана ыңгайлуу пайдалануу жана үйрөнүү үчүн атайын авто мультируль жайгаштырылып,сабак учурунда окуучулар пайдаланууда. Атайын , жалпы техникалык жана билим берүүчү сабактардын окутуучулары жана өндүрүштүк окутуунун мастерлери окуу материалдарын толук ачып берүү ,окуучулардын сабактарды терең жана сезимдүүлүк менен өздөштүрүшү жана билүү жөндөмдүүлүгүн активдештирүү боюнча аракеттерди дайыма жасап жатышат.Окуу жайда спорттун түрлөрү боюнча ар түрдүү секциялар иштейт. Спорт оюну атайын жабдылган залда ,спорттук аянтчаларда жана аткычтар тиринде өткөрүлөт. Жатаканада болсо окуучулар үчүн таза , жакшы шарттар түзүлгөн. Окуу жайда спорттун ар кандай түрү боюнча ийримдер өтүлөт. Жатаканада жаткан окуучуларга эн жогорку шарттар түзүлүп берилген.Окуу жайда маданий-массалык иштер да жакшы жолго коюлган . Мезгил –мезгили менен тайпалар арасында "Алтын күз", "Жаңы жыл "майрамдары өткөрүлүп келет. Ошондой эле февраль айында Ата Мекенди коргоо күнүнө карата 1 айлык иш чара түзүлүп эң жогорку деңгээлде өткөрүлөт. Иш чарада Аскерге чейинки дайындоо , дене тарбия сабактарынан эстофеталар , кросстор , жана "Эр жигиттер" сынагы өткөрүлөт . Сынактан жеңип чыккан тайпалар акчалай, жана ардак грамоталар менен сыйланат . Окуу жайдын кызматкерлери ынтымакта, биримдикте иш алып барып

республикалык жана облусттук денгээлдеги иш чараларга активдүү катышып, жакшы көрсөткүчтөрдү көрсөткөн белгилүү окуу жайлардын бири.2023-2024-жаңы окуу жылына утурлай окуу жайда бир катар иштер аткарылды . Окуу жайды жаңы окуу жылына дайындоо максатында окуу жайдагы окуу бөлмөлөрү, окуу корпустары , жатакана , ашкана толугу менен ремонттон өткөрүлдү . Ошондой эле тракторист-машинист, "С" категориясындагы айдоочуларды дайындоодо , жекече айдоо жүргүзүүчү окуу аянтчасына (полигон) жол эрежесин үйрөтүүчү бардык белгилер орнотулуп , жаңыртылды . Окуу жайдагы окуучулар айдап үйрөнүүчү авто унаа , тракторлор ремонттолуп , жүргүзүлдү. Азыркы учурда окуу жай окуу жылына толугу менен дайын болуп , окуу процессин жүргүзүп жатат

| | |
|---|---|
| **Толук аталышы:** | Чолпонбай Түлөбердиев атындагы №13 кесиптик лицейи |
| **Кыскартылган аталышы:** | Чолпонбай Түлөбердиев атындагы №13 КЛ |
| **Уюштуруучулар:** | Кыргыз Республикасынын Эмгек, миграция жана жаштар министрлигине караштуу Кесиптик-техникалык билим берүү агенттиги |
| **Түзүлгөн жылы:** | 1964- жыл |
| **Юридикалык дареги:** | Талас облусу, Кара-Буура району, Жоон-Дөбө айылы, Р.Осмонов коч 10 |
| **Контакттар, Телефон, электрондук почта, сайт** | 0990035577<br>0708691618<br>proflisei13@gmail.com |
| **КЛдин уставы:** | Кыргыз Республикасынын Билим беруу жана илим министрлигине караштуу кесиптик башталгыч билим берүү агенттигинин буйругу менен бекитилген. Талас облустук юстиция башкармалыгы каттоо датасы 26.12.2017ж ГПЮ №0022778 |
| | **Лицензия№ Н2019-0033**<br>• «Айыл-чарба өндүрүшүнүн устаты (фермер)» (өсүмдүк өстүрүүчү, "А" "В" "Г" окуу мөөнөтү 3 жыл |

| | |
|---|---|
| **Билим берүү ишмердүүлүгүнө лицензиялардын бар болушу** | • «Айыл-чарба өндүрүшүнүн тракторчу-машинисти,«С» категориясындагы автомобиль айдоочусу» окуу мөөнөтү 10 ай<br>• «Кенже ветеринардык фельдшер» «С» категориясындагы автотранспорт каражаттарынын айдоочусу» окуу мөөнөтү 10 ай<br>• Тигүүчү, тигүү жабдуулардын оператору» окуу мөөнөтү 10 ай<br>• «Слесарь ондоочу» окуу мөөнөтү 10 ай<br>• « «С» категориясындагы автомобиль айдоочу» окуу мөөнөтү 10 ай<br><br>**Лицензия№ Н2023-0105**<br>• Айыл-чарба өндүрүшүнүн устаты (фермер) окуу мөөнөтү 2 жыл<br>• Жаныбарларды ветеринардык жактан кароо боюнча оператор 10 ай<br><br>**Кыска мөөнөттүү курстар боюнча Лицензия № Е2019-0190**<br>• «Малдарды ветеринардык тейлөө оператору» окуу мөөнөтү<br>• 3,5 ай<br>• «Тигүүчү» окуу мөөнөтү 3 ай<br>• «Автомобилдерди ондоо слесарь» окуу мөөнөтү 3 ай<br>• «Персоналдык компьютердин оператору», «Ашпозчу» окуу мөөнөтү 2-3 ай<br>• «Ширетүүчү» окуу мөөнөтү 3 ай<br>• «Ондоо жана тейлөө боюнча электромонтеру» окуу мөөнөтү 3 ай<br>• Ашпозчу 3 ай |

| | |
|---|---|
| | **Кыска мөөнөттүү курстар боюнча Лицензия № F2019-0053**<br>• "С" категориясындагы автомобил айдоочуларын 3 ай<br>• А,В,Г категориясындагы тракторчу-машинисти 3 ай |
| **Финансылык каржылоо** | Бюджеттик каражаттар<br>Бюджеттен сырткары каражаттар |

## 11.1. Кесиптик лицейде окутулган адистиктер

| № | Бюджеттик тайпалар | Окуу мөөнөтү | Окугандардын саны |
|---|---|---|---|
| 1 | Айыл-чарба ондурушунун устаты(фермер) | 2-3 жыл | 136 |
| 2 | Айыл-чарба ондурушунун тракторчу-машинисти, «С» категориясындагы автомобиль айдоочу | 10 ай | 23 |
| 3 | Жаныбарларды ветеринардык жактан кароо боюнча оператор,«С» категориясындагы автомобиль айдоочусу 10ай | 10 ай | 21 |
| 4 | Тигуучу, тигуу жабдуулардын оператору | 10 ай | 20 |
| 5 | Ширетүүчү | 10 ай | 0 |

| № | Кыска мөөнөттөгү курстар | Окуу мөөнөтү | Окугандардын саны |
|---|---|---|---|
| 1 | «А,В,Г» категориясындагы тракторчу-машинисти | 3 ай | 11 |
| 2 | Малдарды ветеринардык тейлоо оператору | 3,5 ай | 9 |
| 3 | Тигуучу | 3 ай | 10 |
| 4 | Ширетуучу | 3 ай | 12 |
| 5 | Ашпозчу | 3 ай | 11 |
| 6 | «С» котегориясындагы автомобиль айдоочу | 3 ай | 27 |

## 11.2. ИПК КЛдин сандык жана сапаттык тутуму

| № | Көрсөткүчтөр | Адамдардын саны |
|---|---|---|
| 1 | **Кызматкерлердин жалпы саны:** | 59 |
| | Алардын ичинен: | |
| | Эркектер | 32 |
| | Аялдар | 27 |
| | Пенсиядагы курактагылар | 6 |
| | Пенсияга жашы жакындап калган курактагылар | 2 |
| 2 | **Кызматтары**: | |
| | Башкаруу тутуму | 6 |
| | Окутуучулар | 16 |
| | Өндүрүштүк окутуунун устаттары (мастера п/о) | 17 |
| | Техникалык персонал | 23 |
| | МОП | 8 |
| 3 | **Билими:** | |
| | Жогорку билимдүү окутуучулар | 10 |
| | Жогорку билимди толук окуп бүтпөгөн окутуучулар | 2 |
| | Орто кесиптик билими бар окутуучулар | 4 |
| | Жогорку билимдүү өндүрүштүк окутуунун мастерлери | 4 |
| | Жогорку билимди толук окуп бүтпөгөн өндүрүштүк окутуунун устаттары | 0 |
| | Орто кесиптик билими бар өндүрүштүк окутуунун устаттары | 13 |
| | Кесиптик техникалык билим берүүнүн отличниги | 4 |
| | **Жыл боюнча адистикти жогорулатуу :** | |
| | **- өлкө ичинде** | 4 |
| | - чет өлкөдө | |

## 11.3. Кесиптик лицейдин материалдык -техникалык базасы

| № | Көрсөткүчтөр | Чарчы/(квадрат) метрдин саны | Абалды баалоо жакшы/орто/жаман |
|---|---|---|---|
| **Имараттар жана аянттар:** | | | |
| 1 | Окуу корпустары | 1081,40кв.м | жакшы |
| 2 | Жатакана | 2623кв.м | жакшы |
| 3 | Ашкана | 255.75кв.м | жакшы |
| 4 | Өндүрүш устаканалар | 655,75 кв.м | жакшы |
| 5 | Китепкана | 75 кв.м | жакшы |
| 6 | Спортзал | 255,75кв.м | жакшы |
| 7 | Спорттук аянтчалар | | жакшы |
| | Гараж | 5600кв.м | орто |
| 8 | Жыйын залы | | жок |
| 9 | Трактор автомобилдерди айдоо полигону | | жакшы |
| 10 | Компьютер класс | | жакшы |
| **Окутуунун техникалык каражаттары жана жабдуулары:** | | | |
| 1 | **Уюштуруу техникалары:**<br>Компьютер<br>Принтер<br>Проектор<br>Ксерокопия | <br>_22_ даана<br>_5_ даана<br>_2_ даана<br>_4_ даана | <br>жакшы<br>жакшы<br>жакшы<br>жакшы |
| 2 | **Өндүрүштүк техникалар**<br>Автомашина ГАЗ-66-01<br>Автомашина ЗИЛ-450<br>Автомашина ГАЗ-53-14<br>Трактор Т-150<br>Трактор МТЗ-80<br>Комбайн СК-5 Нива<br>Сеялка овощной<br>Арычник<br>Прицеп 125-ПСВ | <br>1<br>1<br>1<br>1<br>1<br>1<br>1<br>1<br>1 | <br>жаман<br>орто<br>орто<br>жаман<br>орто<br>жаман<br>учебный<br>учебный<br>жаман |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Прицеп ОЗТП-954 | 1 | жаман |
| | Плуг ПНН-4-35 | 1 | орто |
| | Погрузчик ПЕО-85 | 1 | жаман |
| | Сеялка зерновая СЗ-3-6 | 1 | учебный |
| | Семена очиститель СК-4 | 1 | учебный |
| | Трактор УНТО-70 | 1 | орто |
| | Сеялка универсальная | 1 | орто |
| | Косилка | 1 | орто |
| | Трактор ДТ-75м | 1 | орто |
| | **Жабдыктар** | | |
| | Ширеткич апараттар | 6 | жакшы |
| | Тигуучу машиналар | 16 | жакшы |

**1.5. Кесиптик лицейдин 2024- жыл үчүн негизги көрсөткүчтөрү**

| | |
|---|---|
| Кызматтык курам % | 100 % |
| Контингент боюнча кабыл алуунун планынын аткаруу проценти (бюджеттик окутуу), % | 99% |
| Контракт менен окугандардын саны, адам | 0 адам |
| Жалпы окугандардын ичинен спорттук – ден соолукту чыңдоо иштери менен камсыздалган окуучулардын % | 60% |
| 1 адамга карата окуу китептери менен камсыз болушу | 11,5 китеп |
| өз кызыгуусу боюнча факультатив, секция, кружоктор менен ишке тартылган окуучулардын % | 47% |
| Жалпы класстар жана мастерскойлордун санына карата жабдылган класстардын жана мастерскойлордун % | 51% |
| Реабилитациялык топтордо окуп жаткан балдардын саны | 0 |
| Орточо жетишкендик | 70% |
| Предметтер жана кесиптер боюнча | 0 |

| | |
|---|---|
| Предметтер жана кесиптер боюнча олимпиаданын жетишүүчүлөрүнүн саны | 0 |
| Акыркы 3 жыл ичиндеги бюджеттен сырткары тартылган каражаттардын саны | |

**1.6 Курамдар**

1. **Камкордук кенештин курамы.**

| № | Аты-жону | Иштеген жери | Телефону |
|---|---|---|---|
| 1 | Абдимиталип уулу Абдинасир | Чолпонбай айыл өкмөтүнүн биринчи орун басары | 0553 13 10 91 |
| 2 | Сыдыгалиев Алмаз | Ата-эне | - |
| 3 | Арыкбаев Рустам Жаманкулович | Улук устат | 0554081197 |
| 4 | Джакыпбеков Акылбек Масалбекович | Мугалим | 0552019634 |
| 5 | Жумагулова Бактыгуль | Комендант | 0551 15 25 90 |
| 6 | Сыдыгалиев Расул | Фермер | 0552992799 |
| 7 | Дүйшембиева Дамира | Жоопту катчы | 0990035577 |

**4. Донорлор, өнөктөштөр курамы**

| № | Уюмдун аты жону | Убагы |
|---|---|---|
| **1** | **Талас өнүктүрүү фонду** | **2024** |

## 4.Окуу жайдын сырткы жана ички чөйрөсү боюнча анализ. (SWOT анализ)

| **Кучтуу жактары:** | **Кучсуз жактары:** |
|---|---|
| - Пед.коллективдин 80 % эмгек рыногуна анализ жургузо алат.<br>-Пед.коллективдин 70 % жаш мугалим. мастерлер<br>- Заманбап кесипкойлорду чыгаруу учун АБР проектиси менен 5 окуу мастерскойлору капиталдык ремонттон отколулуп, окутуу жабдыктары жанырт ылды.<br>- «фермер» кесиби боюнча 10 окуу ондуруштук жаны жумушчу орун тузулду.<br>-Өнөктөштөрдун жардамы менен бутуруучулордун 60% ти жумуш менен камсыз болушу.<br>-Окуу жайдын географиялык жайгашышы окуучуларга жеткиликтуусу,20км чейин жайгашышы.<br>-Окуучулардын 65%ти спорттук кружокторго катышуусу. | -Окуу процессинин өз денгээлинде жургузулбогондугу.<br>-Пед.коллективдин 30%ти пенсия курагына келиши.<br>-Жаш кадрлардын 60%тинин квалификациясынын томондугу.<br>-Кесиптик окуу жайлар тууралуу ,маалыматтын аздыгы жана өнөктөштөр менен иштөөчү адистин жоктугу.<br>-Бюджеттик каржылоонун чектелиши, өндүрүштүк окутуу чыгымдарынын каржыланбоосу.<br>-Бүтүрүүчүлөрдүн толук жумуш менен камсыз болбошу.<br>-Окуу жайда жылуулук системасынын жоктугу |
| **Мүмкүнчүлүктөр:** | **Коркунучтар:** |
| -Контингент топтоодо аймактагы 26 орто мектеп менен окуу жай ортосундагы кесипке багыт беруу байланышы.<br>-Иш берүүчү дыйкан-чарба, фермерлер менен эки жактуу келишим болушу<br>-Областык денгээлдеги маалымат каражаттары менен окуу жайдын байланышы.<br>-Эл аралык донорлор менен биргелешип ИПСтин квалификациясын жогорулатуу жана окуу жайдын МТБны чындоо | -Өкмөттүн структурасынын бат-бат өзгөрүүсү<br>-Бүтүрүүчүлөрдүн толук жумуш менен камсыз болбой калыш ыктымалдуулугу<br>-Жаш кадрлардын 60%тинин квалификациясынын төмөндүгү.<br>-Атаандаштардын жалган маалымат таркатуусу.<br>-Жаны кесиптердин жана жаны технологиялардын пайда болушу. |

## 1. 2028-жылга чейинки стратегиянын негизги максаты, көрүнүшү жана миссиясы

## 2. Окуу жайдын миссиясы:

*Бүгүнкү күндүн эмгек рыногуна дал келген сапаттуу кесиптик билим берүү менен кесипкөй квалификациялуу кадрларды тарбиялап ,даярдап чыгаруу .*

### 3. Окуу жайдын элестетүүсү:

№13 Кесиптик лицейи – бул конкуренцияга туруштук бере алган кесиптик билим берүүчү мекеме. Кыргыз Республикасынын агро өнөр жай комплекс тармактарында жумушчу кадрларды даярдоо боюнча башталгыч жана орто кесиптик билим берүү системасында лидер, сапаттын эл аралык жана улуттук стандартына дал келген инновациялык билим берүү кызматын көрсөтөт.

**2024-2028 – жылдарга стратегиянын негизги максаты:**

1.Окуу жана тарбиялоо процессинин натыйжалуулугун жогорулатуу.
2.Өнөктөштөр менен байланышты өнүктүрүү менен имиджди көтөрүү.
3.Окуу жайдын педагогикалык кызматкерлеринин потенциялын жогорулатуу.
4.Ресурстарды тартып келуу менен МТБны кучтондуруу.
5.Киреше булактарын өздөштүрүү
6.Окуу жайга жаш,жогорку билимдүү,кесипкөй кадрларды тартуу
7.Кесиптик лицейде окутулган адистиктердин санын көбөйтүү

**Максатка жетүүнүн негизги индикаторлору:**

| № | Индикатордун аталышы | Көрсөткүч |
|---|---|---|
| | Лицейдин бүтүрүүчүлүрүнүн жумушка орношуу пайызы % | 80% |
| | Мамлекеттик кабыл алуу планынын аткарылыш пайызы % | 100% |

**Күтүлүүчү жыйынтыктар:**

1. Билим берүү процессинин сапаты жана натыйжалуулугу төмөндөгүлөрдүн эсеби менен жогорулады:

- Ар бир окутуучунун даярдануу жана катышуу деңгээлинин жогорулашы, анын компетенттүүлүгү, өзүн- өзү өнүктүрүү, окутуунун негизги каражаты катары компьютердик техникаларды колдонуу көндүмдөрүн пайдалануу;

- Окутуу процессинин катышуучулары маалымат маданиятын калыптандырууда жана сапаттуу локалдык жана тармактык билим берүүчү маалыматтык ресурстарга эркин кире алууга мүмкүнчүлүгү;

2. Окутуунун жыйынтыгын баалоо системасы жакшыртылды.
3. Окуучуларды активдүү тарбия иштерине тартуу көбөйтүлдү.
4. Кызматкерлерди мотивациялоо системасы жана ИПКнын ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгын баалоо системасы киргизилди.
5. Сырткы жана ички коммуникациянын системасы жакшыртылды, КЛдин региондордо таанылуусу жогорулатылды.
6. Окуучулардын сабака болгон катышуусу жана кызыгуусу күчөтүлдү.
7. Окуу жайдын имаратына ремонттук иштер жүргүзүлдү

# Стратегиялык максаттар,милдеттер жана индикаторлор

| 1. Артыкчылыктуу багыттар. | Окуу жана тарбиялоо процессинин натыйжалуулугун жогорулатуу. |
|---|---|

**1.1 Стратегиялык максат : Катышуу жана жетишууну 60% тен, 80 %ке жеткирүү**

| Милдеттери | Көрсөткүчтөр | Жыйынтыктар | 2024 | 2025 | 2026 | 2027 | 2028 | Ресурстар: Бюджет | Ресурстар: Тартылган Ресурстар | Жооптуулар | Өнөктөштор |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1.1.1 Окуучулардын катышуусу жана жетишүүсү боюнча көзөмөлдү күчөтүү | План түзүлөт | Көзөмөл жүргүзүлөт. | + | + | + | + | + | | | КЛнин администрациясы | |
| 1.1.2 Окуучулардын окууга болгон кызыкчылыгын арттыруу | План түзүлөт | Жетишүүсү 80 %ке жетет | + | + | + | + | + | + | | КЛнин администрациясы | |
| 1.1.3 Окуучулар арасында чыр-чатакты башкаруу боюнча жоопкерчиликтүү тараптардын потенциалын жогорулатуу | Окугандардын тизмеси, окутуунун программасы | Жоопкерчиликтүү тараптар чырчатакты анализдеп жана башкара алышат | + | + | + | + | + | + | | КЛнин администрациясы | |

**1.2 стратегиялык максат: Эмгек рыногуна анализ жүргүзүп, бүтүрүүчүлөрдүн талабын өнүктүрүү.**

| Милдеттери | Көрсөткүчтөр | жыйынтыктар | 2024 | 2025 | 2026 | 2027 | 2028 | Ресурстар: Бюджет | Ресурстар: Тартылган Ресурстар | Жооптуулар | Өнөктөш |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1.2.1 Жоопкерчиликтуу жактарды окутуу жана жыл сайын өткөрүлүүчү жергиликтүү эмгек рыногунун анализин жүргүзүүнү жайылтуу. | Окутуу программасы, методология, анализ б-ча отчет,инстру-менттер. | Эмгек рыногунун анализи киргизилди. | + | + | + | + | + | + | | КЛнин администрациясы | |
| 1.2.2 Жумушка орноштуруу боюнча жана эмгек рыногунун анализинин жыйынтыгы | Окуп бүткөн кызматкерлердин | Кызматкер-лердин | + | + | + | + | + | + | | КЛнин администра | РИМБ |

| | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| нын негизинде талап кылган кесиптер жана адистер боюнча түзүлгөн окуу программаларын жана пландарын иштеп чыгууда КЛнин кызматкерлеринин потенциялын жогорулатуу. | тизмеси, жаны программалар жана пландар | потенциялы жогорулайт. | | | | | | | | циясы | |
| 1.2.3 Эмгек рыногу талап кылган адистер жана кесиптер боюнча окутуунун мазмунун жаныртуу. | Жаны мазмундуу жаныланган окутуунун 3 программасы. | Эмгек рыногуна талабына дал келет. | + | + | + | + | + | + | | КЛнин администрациясы,метод кенеш | РИМБ |

| 1.3 стратегиялык максат: Окуучулардын алган билим жана көндүмдөрүн практикада колдонууга жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Милдеттер** | **Көрсөткүчтөр** | **жыйынтыктар** | **2024** | **2025** | **2026** | **2027** | **2028** | **Ресурстар** | | **Жооптуулар** | **Өнөктөштөр** |
| | | | | | | | | **Бюджет** | **Тартылган Ресурстар** | | |
| 1.3.1 Өндүрүштүк окутуу устаттарынын өз предметин кесиптик билими боюнча жана устаттар үчүн предметин окутуу методикасынын потенциалын жогорулатуу | Окуп бүткөндөрдүн тизмеси, тренинг программалар, мастер –класстар. | Устаттардын потенциалы жогорулады | + | + | + | + | + | + | | КЛнин администрация | РИМБ |
| 1.3.2 Окуучулардын окууга болгон мотивация системасын иштеп чыгуу жана жайылтуу | Окуучуларды мотивациялоо системасы, ишке ашкан чаралар жөнүндө отчет. | Окугандардын окууга болгон мотивациясын жогорулатуу | + | + | + | + | + | + | | КЛнин администрациясы,метод кенеш | РИМБ |
| 1.3.3 «Фермер» жана «тигуучу» кесиптери боюнча ондуруштук окутууда керектелуучу окуу материалдары менен камсыз кылуу. | 2 кесип боюнча окуу материалдар | 2 кесип боюнча окуу материалдары менен камсыз болот. | + | + | + | + | + | + | | КЛнин администрациясы,метод кенеш | РИМБ |

| **2. Артыкчылыктуу багыттар** | **Өнөктөштөр менен байланышты өнүктүрүү менен имиджди көтөрүү** |
|---|---|

**2.1 стратегиялык максат :Региондо КЛдин позитивдүү имиджин түзүү**

| Милдеттери | Көрсөткүчтөр | жыйынтыктар | 2024 | 2025 | 2026 | 2027 | 2028 | Ресурстар: Бюджет | Ресурстар: Тартылган Ресурстар | Жоопкерчилик | Өнөктөштөр |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2.1.1 Өнөктөш менен мамиле түзү үчүн план иштеп чыгуу. | План түзүлөт | Региондо позитивдуу имиджин тузуу. | + | + | + | + | + | + | | КЛнин администрациясы | Камкор кенеши |
| 2.1.2 Камкор кеңеши жана КЛдин администрациясынан жоопкерчилик жактарды дайындоо жана аларды натыйжалуу PR (коомчулук менен байланыш)көндүмдөрүнө үйрөтүү | Тренингдин программасы, окуп бүткөн адамдардын тизмеси, PR адисинин функциялары жазылган | КК, ОК мүчөлөрүнүн жана КЛдин администрациясынын потенциалы жогорулады | + | + | + | + | + | | | КЛнин администрациясы | Камкор кенеши |
| 2.1.3 Түзүлгөн пландын жыйынтыктарынын жетишкендигин жана ишке ашырууну баалоо жана мониторингди ишке ашыруу | Мониторинг жана баалоо системасы, мониторингдин отчеттору жана үч жыл үчүн баалоо | Өзгөртүүлөрдү киргизүү жана жыйынтыктардын жетишкендигин байкоо системасы киргизилген | + | + | + | + | + | + | | КЛнин администрациясы | Камкор кенеши |

**2.2 стратегиялык максат : Учурдагы иштеп жаткан өнөктөштөр менен кызматташтыкты күчөтүү жана жаңы өнөктөштөрдү биргелешкен ишмердүүлүккө тартуу**

| Милдеттери | Көрсөткүчтөр | жыйынтыктар | 2024 | 2025 | 2026 | 2027 | 2028 | Ресурстар: Бюджет | Ресурстар: Тартылган ресурстар | Жоопкерчилик | Өнөктөштөр |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2.2.1 Иштеп жаткан жана потенциалдуу өнөктөштөрдүн тизмесин түзүү жана өз ара пайдалуу кызматташууну орнотуу үчүн 5тен кем эмес долбоорлук сунуштарды иштеп чыгуу | өнөктөштөрдүн тизмеси, 5долбоор | Кызматташтыкка сунуштар даярдалды | + | + | + | + | + | | | КЛнин администрациясы | Камкор кенеши |

| | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2.2.2 КЛдин жоопкерчиликтүү жактарынын жана камкор кеңештин мүчөлөрүнүн долбоорлук сунуштарды иштеп чыгуу жана натыйжалуу сүйлөшүүлөрүн өткөрүүдөгү потенциалын жогорулатуу | Тренингдин программасы, окуп бүткөн адамдардын тизмеси, сүйлөшүүлөдү жүргүзүү боюнча инструкциялар | Тиешелүү кызматкерлерди н жана өнөктөштөрдүн потенциалы жогорулады | + | + | + | + | + | + | | КЛнин администрациясы | Камкор кенеши |
| 2.2.3 Кеминде 3 долбоордо жыйынтыктоочу баалоону жана жайылтууну камсыздоо | 3 долбоор, жолугушуунун протоколдору, проекттер боюнча отчеттор | Учурдагы иштеп жаткан өнөктөштөр жана жаңы өнөктөштөр менен кызматташтык күчөдү | + | + | + | + | + | + | + | КЛнин администрациясы Долборлордун жетекчилери | Камкор кенеши |

| 3. Артыкчылыктуу багыттар. | Окуу жайдын пед.кызматкерлеринин потенциялын жогорулатуу | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **3.1 стратегиялык максат : өзүн- өзү потенциялын жогорулатуу жана жогорулатуу системасын иштеп чыгуу жана жайылтуу** | | | | | | | | | | | |
| **Милдеттери** | **Көрсөткүчтөр** | **жыйынтыктар** | **2024** | **2025** | **2026** | **2027** | **2028** | **Ресурстар** | | **Жооптуулар** | **Өнөктөштөр** |
| | | | | | | | | **Бюджет** | **Тартылган Ресурстар** | | |
| 3.1.1 Потенциалды өз алдынча жогорулатуу жана жогорулатуу программаларын иштеп чыгуу жана квалификацияны жогорулатууга керектөөнү аныктоо, окуутунун провайдерлерин аныктоо | Керектөөлөдү баалоо методологиясы, окутуу программасы, окутуунун провайдерлеринин тизмеси | Квалификацияны өз алдынча жогорулатуу жана жогорулатуу системасы түзүлдү | + | + | + | + | + | + | | КЛнин администрациясы Методист, улуу устат | Камкор кенеши |
| 3.1.2 КЛдин ичинде квалификацияны жогорулатуу системасын уюштуруу жана жайылтуу | Окутуунун темаларынын тизмеси, окутуучулардын тизмеси, окутуу программасы | Окутуунун сапаты жогорулады | + | + | + | + | + | + | | КЛнин администрациясы, методист, улуу устат | Камкор кенеши |

| | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 3.1.3 Сырткы жана ички окутуунун жыйынтыктуулугун баалоо системасын жайылтуу | Баалоонун жыйынтыгы, кызматкерлердин өнүгүү планы | Окутуунун сапаты жогорулады | + | + | + | + | + | + | | КЛнин администрациясы, методист, улуу устат | Камкор кеңеши |

**3.2 стратегиялык максат : Окуу жайга жаш кадрларды тартуу жана квалификациясын жогорулатуу.**

| Милдеттери | Көрсөткүчтөр | жыйынтыктар | 2024 | 2025 | 2026 | 2027 | 2028 | Ресурстар: Бюджет | Ресурстар: Тартылган ресурстар | Жоопттуулар | Өнөктөштөр |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 3.2.1 Жаш кадрлар учун эмгек рыногунун талабына ылайык кыска мөөнөттүү курстарды өткөрүү боюнча ишмердүүлүктү кеңейтүү | Эң аз дегенде жылына 3 топ | Кошумча киреше | + | + | + | + | + | + | | КЛнин администрациясы,методист, улуу устат | Камкор кеңеши |
| 3.2.2 Жаш кадрлар үчүн компетенциялардын моделин жана баалоону өткөрүүнүн инструменттерин иштеп чыгуу | Иш чаралардын планы, ишке ашыруу жөнүндө отчет | Бюджеттен сырткаркы ресурстардын 50% өсүшү | + | + | + | + | + | + | | КЛнин администрациясы,методист, улуу устат | Камкор кеңеши |
| 3.2.3 Персоналды баалоону өткөрүү боюнча жооптуу тараптардын потенциалын жогорулатуу | | Жооптуулардын потенциалы жогорулайт. | + | + | + | + | + | + | | КЛнин администрациясы,методист, улуу устат | Камкор кеңеши |

**4. Артыкчылыктуу багыттар.** **Ресурстарды колдонуу менен МТБны күчтөндүрүү.**

**4.1 стратегиялык максат : Колдогу бар ресурстарды колдонуунун натыйжалуулугун камсыздоо**

| Милдеттери | Көрсөткүчтөр | жыйынтыктар | 2024 | 2025 | 2026 | 2027 | 2028 | Ресурстар: Бюджет | Ресурстар: Тартылган ресурстар | Жоопттуулар | Өнөктөштөр |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 4.1.1 Колдо бар жана жетишпеген ресурстардын анализин жүргүзүү. Колдо бар ресурстарды пайдалануунун натыйжалуулугун жана жетишпеген ресурстардын көлөмүн аныктоо | Анализдин отчету | Колдо бар ресурстардын пайдалануунун натыйжалуулугу бааланды жана | + | + | + | + | + | + | | КЛнин администрациясы Бухгалтер | Камкор кеңеши |

| | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | жетишпеген ресурстардын көлөмү аныкталды | | | | | | | | | |
| 4.1.2 Инвестициялык, гранттык жана бизнес долбоорлорду түзүү боюнча жооптуу тараптардын потенциалын жогорулатуу | Окугандардын тизмеси, окутуу программысы | Жооптуу тараптар ресурстарды тартуу боюнча потенциалга ээ | + | + | + | + | + | + | | КЛнин администрациясы, бухгалтер | Камкор кенеши |
| 4.1.3 Потенциалдуу донорлорду табуу жана ресурстарды тартууга багытталган бизнес пландарды/ долбоорлук сунуштарды иштеп чыгуу | Эң аз дегенде 3 долбоор | 2 долбоор потенциалдуу донордун колдоосуна ээ | + | + | + | + | + | + | | КЛнин администрациясы, бухгалтер | Камкор кенеши |

**4.2 стратегиялык максат : Кошумча окуу жумушчу орундарды түзүү жана заманбап техникалар менен жабдуу.**

| Милдеттери | Көрсөткүчтөр | жыйынтыктар | 2024 | 2025 | 2026 | 2027 | 2028 | Ресурстар | | Жооптуулар | Өнөктөштөр |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | Бюджет | Тартылган ресурстар | | |
| 4.2.1 Эски окуу кабинеттерин заманбап жабдуулар менен жаныртуу. | 10 кабинет | 10 кабинет жабдылат | + | + | + | + | + | + | | КЛнин администрациясы Бухгалтер | Камкор кенеши |
| 4.2.2 ЛПС отуудо кошумча заманбап окуу жумушчу орундарды даярдоо. | 6 орун | 6 орун даярдалат | + | + | + | + | + | + | | КЛнин администрациясы, бухгалтер | Камкор кенеши |

## 6. БААЛОО ЖАНА МОНИТОРИНГ СИСТЕМАСЫ

| № | Максаттын / милдеттин индикатору | Базалык маани 2013 | Текшерүү маанилик Планы | Берилген булактар | Өлчөө жыштыгы | Жоопкерчиликтүүлөр | Отчеттуулук форматы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Бүтүрүүчүлөрдүн 80% жумушка орноштуу | 65% | 80% | Жумушка орношуунун кароо жыйынтыктары (бүтүрүүчүлөрдү сурамжылоо) | Жылына бир жолу | Директордун орун басары | Жумушка орношуу боюнча отчет |
| 2. | Контингентти кабыл алуу планын аткаруу (бюджет 100%, контракт 30%га көбөйтүү) | 100%<br>100% | 100%<br>130% | Контингенттин тизмеси | Жылына бир жолу | Директордун орун басары, методист | Кабыл алуу жөнүндө отчет |
| 3. | Иштеп жаткан жана потенциалдуу өнөктөштөр менен иш алып баруу | 0 долбоор | 5 долбоор | Долбоорлор жөнүндө отчеттор | Жылына эки жолу | КЛдин администрациясы | Долбоорлор жөнүндө отчет |
| 4. | Ачык чыр- чатак кырдаалдары 0 учурда | 5 учурдагы окуя | 0 учурдагы окуя | Түшүндүрмө каттары жана протоколдор | Жылына эки жолу | КЛдин администрациясы | Тарбия иштери жөнүндө отчет |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **5.** | Социалдык-ызаланма окуучулардын 100% кружоктук-секциялык иштерге тартылган | 50% | 100% | кружок жана секцияларга катышкандардын тизмеси | Жылына эки жолу | КЛдин администрациясы | Тарбия иштери жөнүндө отчет |
| **6.** | Колдогу ресурстар 100% иштеп жатат | 50% | 100% | Бухгалтердик отчеттуулук | Жылына бир жолу | КЛдин администрациясы | Ресурстарды пайдалануу жөнүндө отчет |
| **7.** | Каржылоо ресурстары 100% максаттуу пайдаланылууда | 80% | 100% | Бухгалтердик отчеттуулук | Жылына бир жолу | КЛдин администрациясы | Ресурстарды пайдалануу жөнүндө отчет |
| **8.** | Бюджеттен сырткаркы каражаттарды 50%га көбөйтүү | 100000 | 150000 | Бухгалтердик отчеттуулук | Жылына бир жолу | КЛдин администрациясы | Ресурстарды пайдалануу жөнүндө отчет |
| **9.** | Стандарттуу жумуштан жана функционалдык милдеттерден 20% четтөө | 60% | 20% | Персоналдын ишмердүүлүгүнүн баалоонун жыйынтыгы, өнүгүү планы | Жылына бир жолу | КЛдин администрациясы | Персоналдын ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгын баалоо жөнүндө отчет |
| **10.** | ИПКнын 80%ы квалификациялык талаптарга дал келет | 50% | 80% | Персоналдын ишмердүүлүгүнүн баалоонун жыйынтыгы | Жылына бир жолу | КЛдин администрациясы | Персоналдын ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгын баалоо жөнүндө отчет |
| **11.** | Бизнес маалыматка ээ боло алган | 20% | 50% | БМС | Жылына эки жолу | КЛдин администрациясы | БМСнын отчету |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | адамдардын пайызы | | | | | | |

# 7. СТРАТЕГИЯНЫ ИШКЕ АШЫРУУ ИШ АРАКЕТТЕРИНИН ПЛАНЫ (2024-2028-жж.)

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Стратегиялык максат 1.** Окуу жана тарбиялоо процессинин натыйжалуулугун жогорулатуу. | | | | | Жетишүүнүн индикатору контингентти кабыл алуу планын аткаруу (бюджет 100%, контракт 30%га көбөйтүү | |
| 1.милдет: Катышуу жана жетишүүнү 60%тен 80% ке жеткирүү | | | | | Коммуникативдик Стратегия-План | |
| **Иш чара** | **Мөөнөт** | **Жоопкерчиликтүү** | **Индикатор** | **Жыйынтык** | **Ресурстар** | **өнөктөштөр** |
| 1.1.1 Окуучулардын катышуусу жана жетишуусу боюнча көзөмөлдү күчөтүү | Жыл бою | КЛдин администрациясы,клас жетекчи,устаттар | Көзөмөл күчөтүлдү,көзөмөлдөө графиги бекитилди | Көзөмөл графиги менен иш жүргүзүлүүдө | бюджет | АО,дыйкан чарбалар |
| 1.1.2 Окуучулардын окууга болгон кызыкчылыгын арттыруу | Жыл бою | Администрация,класс жетекчи ,устаттар | Жаны инновациялык методдор,спорттук,тарбиялык иш чаралар | Окуу жайдын активдүү окуучулары үчүн ардак такта уюштурулду | бюджет | Администрация |
| 1.1.3 Окуучулар арасында чыр-чатакты башкаруу боюнча жоопкерчиликтүү тараптардын потенциалын жогорулатуу | Жыл бою | КЛдин администрациясы,класс жетекчилер,устаттар | Тарбиялык жылдык ,айлык иш пландар | Жыл бою | бюджет | Ата-энелер комитети |
| 2. Милдет: Өнөктөштөр менен байланышты өнүктүрүү менен имиджди көтөрүү<br>2.1 Региондо КЛдин позитивдүү имиджин тузүү | | | | | Жетишүүнүн индикатору | |